**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671 Диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 930:553.4 (575.2) (043.3)**

**Алтымышбаева Лена Касымалиевна**

# Эгемендүү Кыргызстандагы алтын өндүрүү өнөр жайынын өнүгүү тарыхы (1991-2020-жылдар)

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын
алуу үчүн изденип жазылган диссертациянын
**Автореферати**

**Бишкек – 2024**

Диссертация И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде аткарылган.

**Илимий жетекчи:** **Осмонов Өскөн Жусупбекович,**
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,
тарых илимдеринин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер:** **Арзыматова Айнура Атыгаевна,**
тарых илимдеринин доктору, профессор,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Европа жана Америка өлкөлөрүнүн тарыхы" кафедрасынын башчысы

**Шаанов Талант Мурадиллаевич,**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасы (720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү 51А)

Диссертация 2024-жылдын 27-сентябрында саат 13.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 547. Диссертацияны коргоонун онлайн берүүсүнүн идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтунун илимий китепканасынан (720010, Бишкек ш., Чуй пр. 265а) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан: https://vak.kg/ таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 26-августунда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Теманын актуалдуулугу диссертант өзү тандап алган эгемендүүлүк мезгилиндеги Кыргыз Республикасындагы алтын өндүрүү тармагынын түптөлүшүн жана өнүгүшүн изилдөө нугу менен байланыштуу. Алтын өндүрүү тармагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат. Акыркы бир нече жыл ичинде алтын өндүрүү Кыргыз Республикасынын тоо-кен өнөр жайындагы эң ири сектор болуп калды.

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк жылдарында алтын өндүрүү тармагынын түптөлүү жана өнүгүү процессин изилдөө, анын жолун, топтолгон тажрыйбасын, экономикадагы ролун терең иликтөө актуалдуу маселе боюнча кала берүүдө.

Алтын өндүрүү тармагы түптөлүү процессинде бир топ татаал жана оор учурлар болду. Кыргыз Республикасында өлкөнүн экономикасынын бул стратегиялык секторун түптөө жана өнүктүрүү боюнча олуттуу иштер жүргүзүлдү. Изилдөө темасынын актуалдуулугу “Кумтөр” долбоорун калыптандыруунун жана ишке ашыруунун татаал процессине комплекстүү талдоо жүргүзүү зарылчылыгы менен да аныкталат. “Кумтөр” ишканасы иштеп келаткан жылдар ичинде Кыргызстандын ички дүң продуктысынын (ИДПсынын) 12%ын жана өнөр жай көлөмүнүн 23%ын түзгөн ири инвестициялык долбоор болуп калды. 1990-жылдардан бери “Кумтөр” кенинин келечеги тууралуу саясий талкуулар жүрүп, кайра-кайра парламенттик жана өкмөттүк комиссиялар түзүлүп, оппозициялык саясатчылар “Кумтөр” кенин улутташтыруу талабын байма-бай айтып келишкен. “Кумтөр” ишканасын өнүктүрүүнүн тарыхый тажрыйбасын изилдөө өлкөдөгү алтын өндүрүү өнөр жайында болуп өткөн жана болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн баарын толук байкоо үчүн практикалык (прикладдык) көз караштан зарыл.

Кыргыз тарыхнаамасында алтын өндүрүү тармагынын өнүгүү тарыхы боюнча комплекстүү изилдөөнүн ушул күнгө чейин жоктугу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун дагы бир ирет тастыктайт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий программалар жана ири илимий долбоорлор менен байланышы.** Диссертация иликтөөчүнүн жеке демилгелүү иши катары аткарылган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алтын өндүрүү тармагынын түптөлүү жана өнүгүү тарыхын изилдөө болуп саналат.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлат:

1. Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын түптөө жана өнүктүрүү маселесин изилдеген илимий адабияттарга тарыхнамалык сереп жүргүзүү;

2. изилдөөнүн булактаануу базасын сыпаттоо;
3. изилдөөнүн объектисин, предметин аныктоо жана изилдөө методдорун аныктоо;
4. алтын кендеринин түптөлүү тарыхын жана аларды өздөштүрүү абалын талдоо;
5. Кыргызстандын эгемен тарыхында алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясатты чагылдырган ченемдик-укуктук актыларды жана уюштуруучулук негиздерди талдоо;
6. “Кумтөр” алтын өндүрүү долбоорун ишке ашыруу тарыхындагы көйгөйлөрдү жана талаш-тартыштарды аныктоо;
7. Кыргызстандын аймактарынын жана жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө алтын өндүрүүчү ишканалардын салымын жана маанисин иликтөө;
8. алтын өндүрүү өнөр жайынын экологиялык абалга тийгизген таасирин көрсөтүү жана аларынын айлана-чөйрөнү коргоо иш-аракеттерине баа берүү.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы төмөнкүдөй:**

1. диссертациялык иш Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги алтын өндүрүү өнөр жайынын түптөлүү жана өнүгүү процессин комплекстүү иликтөөгө арналган кыргыз тарыхнаамасындагы алгачкы изилдөөлөрдүн бири болуп саналат;
2. каралып жаткан мезгилде Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайынын түптөлүшүнүн тарыхый тажрыйбасын толук жана ар тараптуу изилдөөч тарыхнаамалык жана булак таануучулук сереп салынды;
3. алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясатты өнүктүрүүнүн багыттары, өзгөчөлүктөрү жана көйгөйлөрү аныкталды;
4. алтын кендерин иштетүүнүн саясий, социалдык жана экологиялык өңүттөрү тарыхый нуктан каралды;
5. Кыргызстанда эгемендүүлүк мезгилинде жүз берген коомдук-саясий процесстердин контекстинде “Кумтөр” долбоорун ишке ашыруу боюнча түзүлгөн келишимдердин хронологиясы түзүлдү;
6. аймактарды өнүктүрүү программаларын ишке ашыруунун алкагында алтын өндүрүүчү ишканалардын аймактардын жана жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы алгачкы жолу талданды;
7. алтын өндүрүү тармагынын Кыргызстандын экологиялык абалына тийгизген таасиринин негизги тенденциялары аныкталып, алтын өндүрүүчү ишканалардын айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш- чаралары анализденет.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Илимий иштин негизги тыянактарын жана жоболорун Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайынын тарыхы боюнча жалпы эмгектерди жазууда колдонууга болот. Ошондой эле университеттин “Кыргызстандын тарыхы” курсун окутууда,

аталган изилдөө тематикасы боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда жана окутууда пайдаланылат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.** Изилдөөнүн темасынын, объектисинин, предметинин, максатынын жана милдеттеринин актуалдуулугуна жараша, ошондой эле илимий изилдөөнүн жаңылыгын эске алуу менен төмөнкү жоболор коргоого сунушталат:

1. Алтын өндүрүү тармагы Кыргызстандын коомдук-саясий жана экономикалык оор өткөөл мезгилинде түптөлдү. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында алтын өндүрүү тармагы экономиканын башка багыттары сыяктуу эле өзүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн кыйын кезеңин баштан кечирди. Кыргыз Республикасында 1992-2012-жылдар ичинде тоо-кен тармагында "Кумтөр" долбоорунан башка бир дагы ири же орто инвестициялык долбоор ишке киргизилген эмес. 2013-жылдан тартып "Жерүй", "Талды-Булак Левобережный", "Талды-Булак", "Бозымчак", "Иштамберди", "Куру-Тегерек", "Тереккан", "Чаарат тобу" сыяктуу алтын кендерин иштетүү боюнча улуттук инвестициялык долбоорлор жүзөгө аша баштады. Аталган алтын кендерин иштетүү Кыргызстандын аталган тармакты жаңы деңгээлге көтөрүүгө мүмкүндүк берет.

2. Кыргызстандын эгемендик жылдарындагы алтын өндүрүү тармагындагы түптөлгөн мамлекеттик саясат оор жана курч мезгилин башынан өткөрдү. Эгемендүүлүк жылдарында өлкөнүн экономикасынын бул стратегиялык секторун өнүктүрүү, анын ченемдик-укуктук базасын, институционалдык механизмин түзүү боюнча олуттуу иштер аткарылды. Кабыл алынган мыйзамдарды жана стратегияларды натыйжалуу ишке ашырууга негизги тоскоолдуктар болуп алтын өндүрүү секторунда жүргүзүлүп жаткан реформалардын системага салынбагандыгы, Кыргыз Республикасында геология жана жер казынасын пайдалануу тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу көз карандысыз ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жоктугу эсептелет.

3. "Кумтөр" Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайынын тарыхында эң ири инвестициялардын бири болуп калды. "Кумтөр" алтын кени Кыргызстандын экономикасында орду маанилүү экендигине карабастан, улуттук кызыкчылык жана экологиялык көйгөйлөрдүн чечилбегени көп учурда тараптардын ортосунда түшүнбөстүктөргө алып келген. Кыргызстан менен канадалык инвесторлордун "Кумтөр" долбоору боюнча келишимдери бир нече жолу өзгөрүп, эки тарапка тең көптөгөн талаш-тартыштарды жаратты.

4. Алтын өндүрүүчү ишканалар алтын кендерине жакын жашаган жергиликтүү элдин социалдык шарттарын жакшыртуучу үлкөн инвестициялык программаларды ишке ашыруу менен Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошууда. Ошол эле учурда чындыгында социалдык пакет боюнча милдеттенмелер көптөгөн тоо-кен ишканаларынын лицензиялык келишимдеринде жокко эсе.

5. Алтын өндүрүү өнөр жайынын Кыргызстандын экологиясына тийгизген таасири коомдук-саясий жана илимий чөйрөдө байма-бай талкууланып келүүдө. Изилдөөнүн жыйынтыгында алтын кендерин иштетүү дайыма эле Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо мыйзамдарынын бардык талаптарына жана эл аралык экологиялык стандарттарга ылайык жүргүзүлө бербейт деген тыянак чыгарылды.

6. Кыргыз Республикасы үчүн алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүүнүн, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, алтын кендерин иштетүү эрежелерин жана коопсуздук талаптарды сактоо боюнча курч көйгөй турат, аны чечүү үчүн Кыргыз Республикасындагы бардык мыйзамдарын так сактоо зарыл.

**Диссертанттын жеке салымы.** Автор Кыргызстандын эгемен доорундагы алтын өндүрүү тармагынын өнүгүүсүнө тарыхый талдоо жүргүзөт. Негизги илимий тыянактар, табылгалар жана жоболор изденүүчүгө таандык.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары автор тарабынан эл аралык жана республикалык конференцияларда баяндалган. Изилдөөнүн табылгалары диссертант тарабынан чет элдик басылмаларда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын тизмесиндеги улуттук журналдарда жарыяланган илимий макалаларда апробацияланган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги илимий тыянактары автордун 14 илимий эмгегинде чагылдырылган, анын ичинен 4 макала РИНЦ (илимий цитаталоонун россиялык индекси) базасына кирген чет элдик (орусиялык) журналдарда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Илимиш иштин түзүлүшү анын максатына жана милдеттерине ылайык аныкталат. Диссертация киришүүдөн, 7 параграфтан турган төрт бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган илимий булактардын жана адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу аныкталат, изилдөөнүн максаты жана милдеттери такталат, коргоого коюлучу жоболор, эмгектин илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү белгиленет, изилдөө натыйжаларынын апробациясы жана диссертациянын түзүлүшү берилет.

**“Алтын өндүрүү өнөр жайынын тарыхын изилдөөнүн тарыхнамасы”** деген биринчи бапта Кыргызстанда алтын өндүрүү өнөр жайынын түптөлүү жана өнүгүү маселесине тарыхнаамалык талдоо (сереп) жүргүзүлөт.

Диссертацияда алтын өндүрүү тармагы боюнча советтик жана постсоветтик тарыхнама азыркы учурга карата азыноолак гана басылмаларда

жазылганы белгиленет. Совет мезгилиндеги Кыргызстандын индустриалдык өнүгүүсүнүн жана өнөр жайынын калыптанышына тарыхына арналган илимий адабияттарда тоо-кен маселелери кыргыз окумуштуулары С.А. Аттокуров, Ш.Х. Шириязданов, Б.Д. Чыймылова, Ж Уметов жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылат.

Аталган авторлордун эмгектеринин кыргыз тарыхнаамасында маанилүү орду бар экендигине карабастан, аларда геологиялык чалгындоо жана алтын өндүрүү боюнча изилденген маалыматтар өтө аз экенин моюнга алуу керек.

Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхы боюнча жаңы изилдөөлөр тоо-кен тармагында болуп жаткан процесстерди түшүнүү үчүн зарыл болууда. Аталган маселелер А.А. Арзыматова, Г.Д. Жунушалиева жана башкалардын эмгектеринде талкууланат.А.Арзыматованын “Промышленность Кыргызстана. Вторая половина XIX-XX вв. Теоретико-методологические проблемы” (“Кыргызстандын өнөр жайы. XIX-XX кылымдын экинчи жарымы. Теориялык жана методологиялык проблемалар”) аттуу монографиясында кыргыз тарыхнаамасында алгачкы жолу советтик мезгилдеги Кыргызстандын өнөр жайынын түптөлүү жана өнүгүү маселелери ар тараптуу каралып, 1970-1990-жылдары Кыргызстандагы советтик өнөр жайдын кризисинин өрчүү процесси талданат. Тоо-кен өнөр жайынын тарыхый ретроспективасы тарыхчы Г.Д. Жунушалиеванын “Кыргызстандагы тоо-кен өнөр жайынын калыптанышы” деген макаласында анализденет. Бирок макаланын мазмунунан автор алтын кендерин ачуу тарыхын талдабагандыгы көрүнүп турат. Бул тарыхнамалык жагдайга Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайынын тарыхы 1986-жылы биринчи жолу “Макмал” алтын кени ишке киргизилиши себеп болгон. Кыргызстанда ири алтын кендерин иштетүү эгемендүүлүк мезгилде гана башталгандыгын белгилеп кетүү керек. Ошентип жогорудагы илимий иштер жазылып жатканда алтын өндүрүү өнөр жайы эми гана түптөлүп жаткан болчу. Алтын өндүрүү тармагы жаңыдан гана калыптанып келаткандыгы жана анын коомчулукка жабыктыгы тарыхый эмгектердин аз болушуна таасир эткен.

20-кылымдын 90-жылдарынын башында Кыргыз Республикасындагы саясий жана социалдык-экономикалык реформалардын башталышы менен алтын өндүрүү тармагынын өнүгүшү ылдамдады. Эгемендүүлүк жылдарында өлкө экономикасынын бул стратегиялык тармагын түптөө жана өнүктүрүү боюнча орчундуу иштер аткарылды.

Кыргызстандын экономикасында алтын кендеринин салымы үлкөн экендигине карабастан, улуттук кызыкчылык эске алынбагандыгы, экологиялык көйгөйлөрдүн чечилбей жатышы көп учурда тараптардын ортосунда түшүнбөстүктөрдү жараткан. Ошондуктан алтын өндүрүү тармагынын оош-кыйышын талкуулаган илимий эмгектер басма сөздө байма-бай жарыялана баштаган. “Кумтөр” алтын кенинин тарыхы окумуштуу Б.А.Игамбердиевдин эмгектеринде азыноолак чагылдырылган. Аталган окумуштуунун “Экономическая политика Кыргызстана 1991-2010

гг.: опыт и результаты (исторический аспект)" "Кыргызстандын 1991-2010-жылдардагы экономикалык саясаты: тажрыйба жана жыйынтыктар (тарыхый аспект)" (2015-ж.) деген кандидаттык диссертациясында 1991-2010-жылдардагы экономикалык саясатты ишке ашыруунун негизги натыйжалары жана кесепеттери баяндалат, ошондой эле "Кумтөр" алтын кени боюнча канадалык "Камеко" корпорациясы менен түзүлгөн келишимдин таржымакалы кыскача талданат. Кийинчерээк бул маселе анын "Золотой скандал и "золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане" ("Алтын чатагы жана "алтын" келишими: Кыргызстандагы коррупциянын келип чыгуу тарыхы"); "Национализация "Кумтора" как элемент перехода к постлиберализму" ("Кумтөрдү улутташтыруу постлиберализмге өтүүнүн элементи катары") илимий макалаларында терең изилденет. Бирок аталган автордун изилдөөлөрүндө алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүүнүн социалдык жана экологиялык аспектилери илектенген эмес. Соңку жылдарда Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын саясий, социалдык-экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрүн кеңири талкуулоо тарыхнаамалык жагдайды кескин өзгөрттү. Алтын өндүрүү тармагынын маселелери эгемендүүлүк доордогу Кыргызстандын тарыхын изилдеген жалпы эмгектерде карала баштаган.

Кыргыз тарыхчыларынын илимий эмгектеринен белгилүү окумуштуу, саясат таануучу жана тарыхчы А.Акуновдун "Кыргызстан в эпоху независимости (1991-2022)" ("Кыргызстан эгемендүүлүк доорунда (1991-2022)") аттуу үч китептен турган монографиясы өзгөчөлөнөт. Аталган эмгекте Кыргызстандын жаңы тарыхынын өзөгүн чагылдырган маселелер жана окуялар анализденет; жаңы ыкмалардын (подход), кыргыз тарыхнаамасынын жана булак таануунун акыркы илимий жетишкендиктеринин натыйжасында Кыргызстандын эгемендүүлүк доорундагы саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү каралат. Бул монографиянын экинчи китебинин "Горе от золота" ("Алтындын азабы") деген жетинчи бөлүмүндө "Кумтөр" алтын кенинин кыскача тарыхы баяндалат жана "Кумтөр" долбоору боюнча келишимдерди ишке ашыруунун объективдүү жана субъективдүү өбөлгөлөрү талданат.

Изилдөө боюнча адабияттарга тарыхнамалык талдоо кыргыз тарых илиминде С.А. Аттокуров, А.А. Арзыматова, Г.Д. Жунушалиева, А.А. Акунова, Б.А. Игамбердиев сыяктуу окумуштуулардын эмгектерин эске албаганда жалпысынан тоо-кен өнөр жайынын калыптанышы тууралуу, айрыкча алтын кендерин иштетүү темасы боюнча атайын изилдөөлөр жок экендигин тастыктады. Ошентсе дагы бул эмгектер алтын өндүрүү өнөр жайынын тарыхын изилдөө тарыхнамасын кыйла байытат.

Изилденип жаткан теманын алкагында эгемен Кыргызстандын калыптануусуна жана өнүгүшүнө тике жана кыйыр түрдө таасир эткен постсоветтик экономикалык трансформациянын учурундагы саясий жана социалдык-экономикалык факторлорду жана өзгөчө өлкөнүн алтын өндүрүү өнөр жайынын түптөлүшүн жана өнүгүшүн талдаган алдыңкы

тарыхчылардын илимий эмгектери көңүл бурууга арзыйт. Бул өңүттө Т.А. Абдрахманов, З.И. Галиева, Н.Ж. Эсенкулов, К.Айдаркул, У.Чотонов жана башкалардын эмгектерин атоого болот. Тарыхчы Ж.О. Өмүрованын доктордук диссертациясында жана макалаларында Шанхай кызматташтык уюмундагы (ШКУнун) кыргыз-кытай экономикалык кызматташтыгынын натыйжасында жетишилген кытайлык тоо-кен ишканаларынын Кыргызстандын алтын кендерин иштетүү тажрыйбасы иликтенет.

Аталган диссертациянын изилдөө тематикасы кеңири маселелерди чагылдырып, ар түрдүү илимдердин чегинде изилденет, ошондуктан илимий адабияттарды тарых илиминин алкагындагы тарыхнамалык изилдөө менен гана чектөө туура эмес.

Изилдөө предметинин татаалдыгы белгилүү коомдук жана саясий ишмерлердин (Т.У.Усубалиев, Д.И.Сарыгулов, К.С.Исабеков), ар түрдүү тармактын адистеринин, анын ичинде геологдордун, өндүрүштүн алдыңкыларынын жана практиктердин (И.Т. Айтматов, Р.Д. Жээнчураева, К.О. Осмонбетов, Э.К. Осмонбетов, Д.К. Камчыбеков, И.К. Чунуев, А.О. Маралбаев, И.В. Тулекеев), экономисттердин (А.К.Бөкөнтаева, О.Г.Григор, А.Ж.Кожогулова ж.б.), геолог-экологдордун (К.Ж.Бөкөнбаев, И.А.Торгоев, Ю.Г.Алешин ж.б.), укук таануучулардын (А.Т.Мамытова) эмгектерине кайрылууга себеп болду. Аталган адистердин коомдук-саясий, илимий-практикалык, техникалык, экономикалык жана экологиялык мүнөздөгү эмгектери Кыргыз Республикасынын алтын өндүрүү тармагынын абалын жана өнүгүү маселелерин чагылдырат. Экс-депутат жана Жогорку Кеңештин мурдагы вице-спикери К.С. Исабековдун “Золотая мафия в Кумторе” (“Кумтөрдөгү алтын мафиясы”,2012), “Кумтор – неоправданные надежды” “Кумтөр – акталбаган үмүттөр”,2021) деген эмгектери өзгөчө кызыгууну жаратат. Бул эмгектерде Кыргыз Республикасынын жогорку бийлигиндеги жетекчилерге көп сандаган сын-пикирлер айтылат.

Ошентип Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын түптөлүү жана өнүгүү тарыхнамасын комплекстүү талдоо бул мезгиле чейин атайын изилдөөнүн предмети болбогондуктан, аталган тема кыргыз тарых илими үчүн актуалдуу экендиги талашсыз.

Бул диссертация мурда иликтенбеген Кыргыз Республикасындагы алтын өндүрүү тармагынын тарыхын изилдөөгө арналат.

Диссертациянын экинчи бабы **“Теманы изилдөөнүн тарыхый булактары жана методологиясы”** деп аталып, эки параграфты камтыйт. **“Изилдөөнүн тарыхый булактарынын базасы”** деген биринчи параграфта Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайынын акыркы отуз жылдагы тарыхын боюнча илимий булактардын базасын диссертацияны жазууда керек болгон ар түрдүү тарыхый материалдар түзө тургандыгы көрсөтүлөт.

Тарыхый булактардын мүнөзүнө жана баалуулугуна жараша аларды төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот:

Тарыхый булактардын *биринчи тобуна* архивдик материалдар, айрыкча Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин жана Кыргыз

Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин документтери кирет, алардын көпчүлүк бөлүгү илимий практикада биринчи жолу пайдаланылып жатат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинде тоо-кен тармагын башкарууну реформалоого жана Кыргыз Республикасындагы алтын кендерин иштетүүгө байланышкан маселелерди чагылдырган расмий документтер жана материалдар бар. Аларга Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору, Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинде сакталган каттар, баяндамалар, маалымкаттар (1-фонд, 1- опись) кирет. Фонддун материалдарын изилдөө эгемендүүлүктүн мезгилинде алтын өндүрүү тармагын түптөөгө жана өнүктүрүүгө Кыргыз Республикасынын жетекчилигинин олуттуу көңүл бургандыгын тастыктайт. Бул жерде "Кыргызалтын" концернинин ишмердүүлүгү, "Кумтөр" долбоору жана башка алтын кендери боюнча документтер топтолгон. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин материалдары менен иштөө процессинде төмөнкү фонддордун документтери каралды: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиктин 1359-фонду; Кыргыз мамлекеттик "Кыргызалтын" концернинин ("Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун) 2882-фонду; Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар министрлигине караштуу Өнөр жай коопсуздугун көзөмөлдөө жана кен көзөмөлү боюнча мамлекеттик инспекциясынын 2545-фонду.

Кыргыз мамлекеттик "Кыргызалтын" концернинин ("Кыргызалтын" ААК) фондунун материалдары 1993-жылдан 1999-жылга чейинки мезгилди камтыйт жана алар 1990-жылдардагы алтын өндүрүү тармагынын абалын чагылдырат. Булактар корпусунун маанилүү бөлүгүн "Кыргызалтын" ААКтын учурдагы архивинин жарыяланбаган документтери ээлейт. Изилдөө процессинде диссертант "Кыргызалтын" ачык акционердик коомунун (ААК) учурдагы иш кагаздары бөлүмүндө жайгашкан далилдүү документтерди жана материалдарды аныктады. "Кыргызалтын" ААКтын учурдагы жаңы архивинин иш кагаздарынын документтери жана материалдары, айрыкча "Кыргызалтынга" караштуу алтын өндүрүү ишканаларынын өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча жылдык, кварталдык жана айлык отчеттор талданды.

Тарыхый булактардын *экинчи тобунда* расмий документтер (ченемдик-укуктук актылар, алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын материалдары) бар. Ченемдик-укуктук документтерге Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана буйруктары, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченемдик- укуктук актылары,

акыркы отуз жылдыкта алтын өндүрүү тармагынын мыйзамдык базасын түзүү процессине байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берген мамлекеттик программалар, стратегиялар, концепциялар кирет.

Кыргыз Республикасы менен чет өлкөлүк ишканалардын ортосундагы алтын кендерин иштетүү боюнча кызматташуу келишимдери жана макулдашуулары алтын өндүрүү тармагынын тарыхын изилдөөдө абдан пайдалуу булак болуп саналат.

Бул диссертацияны жазууда “Кумтөр Оперейтинг Компани” жабык акционердик коому тарабынан жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, айлана-чөйрөнү сактоо, өндүрүш процесстеринин коопсуздугун жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча ченемдерди жана талаптарды сактоо абалын текшерүү жана изилдөө боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-июлундагы No 465-токтому менен бекитилген мамлекеттик комиссиянын отчетунун материалдары пайдаланылды.

Тарыхый булактардын *үчүнчү тобун* документтердин жана статистикалык материалдардын жыйнактары, Кыргыз Республикасынын алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча мамлекеттик органдардын отчеттору, баяндамалар, мамлекет жетекчилеринин сүйлөгөн сөздөрү, расмий мамлекеттик органдардын маалыматтык билдирүүлөрү, ошондой эле алтын өндүрүү ишканалары, алтын кендерин иштетүү проблемалары боюнча эл аралык жана коомдук уюмдардын аналитикалык материалдары (отчеттору) түзөт.

Алтын өндүрүү тармагында кирешелердин ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыз кылуу маселелерин изилдөөдө абдан маанилүү булак болуп Кыргыз Республикасынын КТАДдын отчеттору (Кен казып алуу тармагынын ачык-айкындыгы демилгеси) болуп калды, ал отчеттордо өлкөдө каржылык жыл үчүн КТАДды ишке ашыруунун алкагында процедураларды аткаруунун негизги жыйынтыктары камтылат. Диссертацияда ошондой эле көз карандысыз эл аралык уюмдар тарабынан даярдалган аналитикалык документтер, баяндамалар, рецензиялар жана социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары тарыхый булак катары пайдаланылды, аларды колдонуу аркылуу алтын өндүрүүчү ишканалар менен жергиликтүү элдин карым-катнашынын өзгөчөлүктөрүн аныктоого болот.

*Тарыхый булактардын төртүнчү тобуна* мезгилдүү басма сөз каражаттары жана электрондук ресурстар кирет. Диссертацияда мезгилдүү басылмалар:“Эркин-Тоо”, “Слово Кыргызстана”, “Кыргыз Туусу”, “Вечерний Бишкек”, “Моя столица–Новости” (МСН) гезиттерине, “Акипресс” маалымат порталына, “Нормативные акты КР” журналына жарыяланган материалдар пайдаланылды. Илимий ишти жазуу процессинде интернетте жалпыга жеткиликтүү болгон маалыматтар колдонулган.

Компьютердик технологиялар өнүккөн доордо электрондук булактар болуп баштапкы изилдөө булактары болуп калышы толук мүмкүн. Алтын кендеринин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтык материалдар жана жеке отчеттор алтын өндүрүүчү ишканалардын расмий сайттарында жарым-

жартылай жайгаштырылат. Ошентип ар түрдүү булак базасынын болушу тема боюнча кеңири маселелерди ачып берүүгө жана Кыргыз Республикасынын алтын өндүрүү тармагы боюнча объективдүү абалды сүрөттөөгө мүмкүндүк берет. Материалдардын көпчүлүгү биринчи жолу илимий практикада жүгүртүүгө киргизилип жатат.

Бул диссертациянын **изилдөө объектиси** Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайы болуп саналат. **Изилдөөнүн предмети** катары алтын өндүрүү ишканалардын калыптануу (түптөлүү) процесси, Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүүнүн саясий, социалдык-экономикалык жана экологиялык аспектилери аталат. **Диссертациянын методологиялык негизин** жалпы илимий жана атайын тарыхый изилдөө методдорунун комплекси түзөт. Диссертациялык иштин негизги методологиялык принциби Кыргызстандын азыркы саясий жана социалдык-экономикалык процесстеринин контекстинде алтын өндүрүү тармагын объективдүүлүк жана проблемалык-логикалык талдоо менен айкалышкан тарыхыйлуулук (историзм) экендиги аныкталат. Диссертацияда тарыхый изилдөөнүн тарыхый-системалык, тарыхый-салыштырма, сыпаттама, проблемалык-хронологиялык жана башка рече жалпы изилдөө методдору колдонулган. Системалуу мамиленин (подходдун) алкагында экономикалык ааламдашуу шартында алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүү үчүн жагымдуу инвестициялык климатты түзүүнүн инструменттеринин бири катары Кыргызстандын чет өлкөлүк инвесторлор менен өз ара байланышы боюнча комплекстүү түшүнүк калыптанды.

Тарыхый-салыштырма метод алтын өндүрүү өнөр жайы тармагындагы мамлекеттик саясаттын калыптанышын ар кандай мезгилдик этаптарда талдоого мүмкүндүк берди. Коюлган теманы комплекстүү изилдөө үчүн ретроспективдүү, статистикалык методдор жана булактарды талдоо методу колдонулган. Аларды бирге колдонуу изилдөөгө комплекстүү мамиле (подход) жасоого мүмкүндүк берди. Статистикалык талдоо методу алтын өндүрүү процесстеринин жана алтын өндүрүү тармагынын өлкөнүн экономикасына кошкон салымын чагылдырган мамлекеттик статистиканы иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Алтын өндүрүү ишканаларынын изилденип жаткан мезгилдеги көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтарды салыштырууда тарыхый-салыштырма методу колдонулган.

Алтын өндүрүүчү ишканалардын социалдык жана экологиялык саясатын изилдөө туруктуу өнүгүүнүн жана экологиялык коопсуздуктун заманбап концепцияларын эсепке алуу менен жүргүзүлгөн.

**“Кыргыз Республикасынын алтын өндүрүү тармагынын калыптануусу жана абалы”** деген үчүнчү бап үч параграфты камтыйт.

**“Алтын кендерин ачуу жана иштетүү тарыхы”** деген биринчи параграфта геологиялык изилдөөнүн, баалоонун жана кендерди сыпаттоонун аркасында совет мезгилинде Кыргызстанда алтындын ири өнөр жайлык кору чалгындалганы белгиленет. Республикада 20-кылымдын 70-80-жылдарында алтынды геологиялык чалгындоо иштери жигердүү жүргүзүлгөнү

көрсөтүлөт. СССРдин курамында Кыргызстандын аймагы алтын боюнча өзгөчө перспективалуу деп эсептелчү эмес, андан кийинки 90-жылдары каржылоонун жетишсиздигинен алтын боюнча геологиялык иштер кескин кыскарган. Алтындын минерализациясын билүү деңгээли төмөн бойдон калууда. Геологиялык чалгындоо жана изилдөө иштеринин жүрүшүндө алтын кени жайгашкан көп жерлер аныкталган, бирок алардын басымдуу көпчүлүгү көмүскөдө калган. Ошентип диссертацияда 1976-жылга чейин Кыргызстанда бир да кен боюнча геологиялык чалгындоо иштери акырына чыгарылбагандыгы жана СССРдин пайдалуу кендердин запастары боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан бекитилген эместиги белгиленет. 1975-жылы декабрда "Макмал" кени боюнча алтындын чалгындалган кору бекитилген. Кыргызстан 1986-жылга чейин алтын өндүргөн өлкө болгон эмес. 1986-жылы "Макмал" кенинде алтын өндүрүү иштери башталып, "Макмал" алтын кен комбинаты курулган. Дал ошол мезгилден баштап Кыргызстанда өнөр жайында алтын өндүрүүнүн тарыхы башталган. Бирок 1990-жылдардын башында СССРдин кулашы жана каржынын жетишсиздигине байланыштуу алтынды өндүрүү кескин кыскарган.

Республикада жетишээрлик каржы булактардын жоктугу өз убагында алтындын аныкталган бардык чоң кендерин жана кичине кендерин толук баалоого тоскоолдук кылган.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргыз Республикасынын алтын өндүрүү тармагы бүтүндөй экономика сыяктуу эле өзүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн эң оор өткөөл мезгилин башынан өткөрдү.

Алтын өндүрүүчү ишканаларда сатуу рыногунун жок болушу, алтындын баасынын төмөндөшү, алтын өндүрүүнүн темпинин басаңдашы, жумушчулардын жана инженердик кызматкерлердин кесиптик квалификациясынын төмөндүгү, руданын, күйүүчү-майлоочу материалдардын, техникалык материалдардын жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөргө туш болуп, бир катар уюштуруу кемчиликтери кетирилген.

Изилденип жаткан маселенин алкагында алтын кендерин иштетүү боюнча "Кыргызалтын" ири улуттук ишканасынын калыптануу тарыхы өзгөчө кызыгууну туудурат. Эгемендүүлүк мезгилинде өлкөнүн жогорку жетекчилиги минералдык-сырьелук базаны өнүктүрүүгө, аны иретке келтирүүгө жана каттоого чоң маани бергендигин баса белгилей кетүү керек.

Ишканалардын өндүрүшүн кармап туруу, алтын өндүрүү боюнча жаңы долбоорлорду ишке ашыруу жана республиканын тоо-кен өнөр жайынын ишканаларын бириктирүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 15-октябрдагы № UP-300 жарлыгы менен "Кыргызалтын" Кыргыз мамлекеттик концерни түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасын көтөрүүдө жана тоо-кен өндүрүү ишканаларынын уникалдуу өндүрүш кубаттуулуктарын сактоо максатында жана Кыргыз Республикасынын алтын корлорун түзүүнүн өзгөчө маанисин эске алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1993-жылдын 6-апрелиндеги ""Кыргызалтын" кыргыз мамлекеттик концернинин

ишканалары жана уюмдары жөнүндө” №УП 109 жарлыгы менен кыргыз мамлекеттик “Кыргызалтын” концернинин курамына кирген ишканалар менен уюмдар менчиктештирүүгө жана мамлекеттен ажыратууга жатпайт деп белгиленген.

Диссертацияда “Кыргызалтын” ААКсынын “Макмалзолото” заводу “Солтон-Сары” кени; “Терексай” кени; “Аффинаждык завод” сыяктуу негизги өндүрүштүк тармактарынын түзүлүш тарыхы, абалы жана өнүгүү проблемалары талкууланат.

Кыргызстандын экономикасынын постсоветтик трансформация шарттарында алтын өндүрүү процессине тарыхый талдоо көрсөткөндөй, республикада 1992-2012-жылдар аралыгында “Кумтөр” долбоорунан башка бир дагы ири же орто инвестициялык долбоор ишке киргизилген эмес.

2013-жылдан 2021-жылга чейинки мезгилде алтын кендерин иштетүү боюнча бир катар улуттук инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу башталды.

КТАДдын 2021-жылга карата отчетуна ылайык, учурда Кыргызстанда 14 алтын өндүрүүчү ишкана иштеп жатат, анын ичинен 11 кенге америкалык, канадалык, кытайлык жана түркиялык инвестиция тартылган, 3 кен кыргызстандык ишканалардын колунда. Алар “Кумтөр”, “Макмал”, “Солтон-Сары”, “Терексай”, “Талды-Булак Левобережный”, “Жерүй”, “Куран-Жайлоо”, “Тереккан”, “Андаш”, “Алтын-Жылга”, “Куру-Тегерек”, “Бозымчак”, “Иштамберди” жана “Чаарат тобу” сыяктуу он төрт ири алтын кенин иштетип жатышат.

Бул алтын кендерин иштетүү “Кыргызалтын” ААКсы, “Алтынкен” ЖЧКсы, “Альянс Алтын” ЖЧКсы, “KAZ Minerals Bozymchak” ЖЧКсы, “Фулл Голд Майнинг” ЖЧКсы, “Чаарат ЗААВ” ж.б. ишканалар тарабынан ишке ашырылат.

**“Алтын өндүрүү өнөр жайы чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты өнүктүрүү”** деген экинчи параграфта постсоветтик мезгилде алтын өндүрүү өнөр жайы боюнча мамлекеттик саясаттын калыптанышына талдоо жүргүзүлөт. Тоо-кен тармагындагы мамлекеттик саясатты өнүктүрүү боюнча биринчи олуттуу аракеттер 1990-жылдардын ортосунда башталган. Эгемен Кыргызстанда тоо-кен мыйзамдарынын түптөлүшү 1992-жылдан башталган, мындай мыйзамдардын алгачкысы болуп Кыргыз Республикасынын “Жер казынасы жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган.

Эгемендик жылдарында Кыргызстандын экономикасында алтын өндүрүү тармагынын перспективасын эсепке алуу менен бул тармакты өнүктүрүү багыты жолго коюлган. 1994-жылы “Кыргызстандын алтыны” мамлекеттик программасы даярдалып, бекитилип, анда алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүүнүн жакынкы жылдарга карата планы түзүлгөн. 1994-жылы “Кыргыз Республикасынын 2000-жылга чейинки мезгилдеги экономикалык жана социалдык өнүгүү концепциясы” кабыл алынып, анда да тоо-кен тармагынын жакынкы келечектеги негизги милдеттери аныкталган. Концепцияда Кыргызстандагы Кумтөр, Жерүй, Талды-Булак, Левобережный

сыяктуу ири алтын кендерин иштетүү боюнча чет өлкөлүк компаниялардын (Канада, АКШ ж.б.) катышуусу менен курулуш, кен казууга даярдык иштерин жүргүзүү негизги милдет катары аныкталат. 2005-жылы март айында коррупцияга каршы эл көтөрүлүп бийлик алмашты; анын натыйжасында жаңы өкмөттүк структура түзүлүп жана кен иштетүүгө лицензия берүү процесси жакшырды.

Берилген лицензиялардын саны көбөйдү, бирок өкмөттүн коррупцияга каршы күрөшүү боюнча милдеттенмеси аткарылбай эле тууганчылык жана жердешчилик күч алды. Бийликтин борборлошуусу менен саясий элитанын өндүрүштүк лицензияларды берүүдөгү өзү билемдиги мамлекеттин кызыкчылыгын артка калтырды. Бул элдин нааразылыгына себеп болду.

2010-жылдагы Апрель революциясынан кийин Кыргызстандын саясий жана социалдык-экономикалык турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп, тоо-кен тармагын башкарууда да реформалар ишке аша баштаган, тоо-кен мыйзамдарынын бирдиктүү системасын түзүүгө жана тоо-кен бизнесин өнүктүрүү үчүн шарттарды либералдаштырууга аракеттер көрүлгөн. Алтын өндүрүүчү ишканалар менен жергиликтүү элдин ортосунда көптөгөн көйгөйлөр жаралып келгендиги жашыруун эмес.Кыргыз Республикасынын Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттигинин маалыматы боюнча, 2012-2013-жылдары тоо-кен өндүрүү аймактардагы жергиликтүү калк жыйырма жети кенди иштетүүгө каршы чыгышкан, анын ичинде жыйырма төртү алтын кени болгон. Диссертациялык изилдөөнүн бул параграфында келтирилген мисалдар алтын өндүрүүчү ишканалар менен жергиликтүү элдин ортосунда чыккан чыр-чатактардын, талаш-тартыштардын ар кандай себептерин ачыктайт.

Изилдөө көрсөткөндөй жергиликтүү калктын нааразылыгы көбүнчө жаратылышты талкалоо коркунучтарынан улам чыгууда. Жергиликтүү калк менен алтын өндүрүүчү ишканалардын ортосундагы чыр-чатактар Кыргыз Республикасына чет элдик инвестициянын келишин чектеген факторлордун бири болуп калды.

Кыргыз Республикасынын тоо-кен тармагындагы мамлекеттик башкаруу системасынын калыптанышын жана реформаланышын тарыхый талдоо бул процесс татаал жана карама-каршылыктуу болгонун көрсөтөт.

Жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик орган бир нече жолу түзүмдүк өзгөрүүлөргө дуушар болгон, бул анын макамын төмөндөтүп, функцияларын алмаштырган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан акыркы бир нече жыл ичинде тоо-кен тармагын реформалоого багытталган ар кандай мамлекеттик программалардагы жана концепциялардагы милдеттерди ишке ашырууга бир нече жолу жасалган аракеттерге карабастан, азыркы этапта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндүгүнө байланыштуу ар түрдүү көйгөйлөр бар, минералдык жана чийки зат ресурстары көп болсо дагы бул өнөр жайынын потенциалы ачылбаган бойдон калууда.

Алтын өндүрүү тармагындагы көйгөйлөр: саясий, экономикалык жана социалдык туруксуз абал, тоо-кен тармагындагы мыйзамдардын жеткилең эместиги, жемкордуктун өсүшү, жергиликтүү калктын катуу каршылыгы аркылуу жаралган тоо-кен ишмердүүлүгүндөгү тоскоолдуктар сыяктуу терс көрүнүштөрдөн улам чечилбей келүүдө.

2020-жылдан тарта Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясатты өнүктүрүүнүн жаңы этабы башталган.

С.Н. Жапаровдун Кыргыз Республикасынын жаңы президенти катары бийликке келиши менен алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясатты кайра карап чыгуу аракети көрүлгөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы “Кыргыз Республикасынын тоо-кен тармагын реформалоо маселелери жөнүндө” №5 жарлыгында тоо-кен тармагын түп-тамырынан бери реформалоо зарылчылыгы белгиленген.

Автор Кыргызстандын эгемен тарыхында алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын калыптанышы кыйла түйшүктүү жана оор мезгилди башынан өткөрдү деген тыянакка келет; ошентип ченемдик-укуктук базаны, институционалдык механизмди түзүү жана өлкөнүн экономикасынын бул стратегиялык секторун өнүктүрүү боюнча эбегейсиз иштер жүргүзүлдү.

**““Кумтөр” долбоорун ишке ашыруу тарыхы: көйгөйлөр жана карама-каршылыктар”** деген үчүнчү параграфта 1990-жылдардан бери “Кумтөр” алтын кенинде талаш-тартыштар жана чыр-чатактар жүз бергендиги белгиленип,ал көйгөйлөрдү чечүү үчүн бир нече жолу парламенттик жана өкмөттүк комиссиялар түзүлгөндүгү тууралуу баяндалат.

Көп жылдар бою өлкөдө бул кендин келечеги тууралуу саясий талкуулар жүрүп, оппозициялык маанайдагы саясатчылар “Кумтөр” кенин улутташтыруу талабын байма-бай айтып келишкен.

“Кумтөр” долбоорун ишке ашыруунун алдында канадалык “Камеко” корпорациясы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, андан кийин “Кыргызалтын” мамлекеттик концерни узак жана татаал сүйлөшүүлөрдү жана талкууларды жүргүзгөн.

“Кумтөр” долбоорун ишке ашыруунун мезгилинде бир нече келишимдер түзүлгөн: 1) 1992-1994-жылдардагы келишимдер; 2) 2003-2004-жылдардагы келишимдер; 3) 2009-жылдагы келишимдер; 4) 2017-жылдагы келишимдер; 5) 2022-жылдагы келишимдер. Диссертацияда Кыргызстан менен канадалык инвесторлордун ортосундагы “Кумтөр” долбоору боюнча келишимдер бир нече жолу өзгөргөндүгү жана алар Кыргызстан үчүн маанилүү болгондугу көрсөтүлгөн. Бирок алардын ар бири эки тарапка тең көптөгөн талаш-тартыштарды жараткан.

“Кумтөр” кени жана анын кору өлкөнүн жана кыргыз элинин маанилүү байлыгы экенин эске алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин демилгеси аркылуу 2012-жылдын 15-февралындагы №1642-V токтому менен “Кумтөр Оперейтинг Компани” ЖАКтын жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, айлана-чөйрөнү коргоо, өндүрүштүк

процесстердин коопсуздугун жана калкты социалдык жактан коргооченемдерине ылайыке келишин изилдөө максатында “Ата-Журт” парламенттик фракциясынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Садыр Жапаровдун төрагалыгы алдында убактылуу депутаттык комиссия түзүлгөн.

Садыр Жапаров жетектеген депутаттык комиссия үч ай бою “Кумтөрдөгү” абал менен таанышкан. Комиссиянын корутундусунда ишкана өз ишмердүүлүгүндө өлкөнүн экологиялык мыйзамдарын сактабайт деген тыянак чыгарылган. Андан сырткары депутаттык комиссия “Кумтөрдүн” лицензиясын жокко чыгарууну жана 2009-жылдан баштап кенди иштетүү боюнча келишимди бузууну сунуштаган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2012-жылдын 27-июнундагы №2117-V токтомуна ылайык “Кумтөр Оперейтинг Компани”жабык акционердик коомунун жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, курчап турган чөйрөнү сактоо, өндүрүш процесстеринин коопсуздугун жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча ченемдерге жана талаптарга ылайык келишин текшерүү жана изилдөө боюнча мамлекеттик комиссия түзүлдү.

Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы менен Мамлекеттик комиссия “Кумтөр” алтын кенинин укуктук, экологиялык, тоо-кен жана социалдык-экономикалык ишмердүүлүгү боюнча маанилүү корутундуларды чыгарган.

2020-жылдын октябрь айындагы окуялардан кийин республиканын жогорку бийлиги кайрадан “Кумтөр” алтын кенин улутташтыруу жана “Centerra Gold Inc” ишканасы менен келишимдерди денонсациялоо маселесин көтөрдү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тынымсыз иш-аракеттеринин натыйжасында 2021-жылдын май айында канадалык “Centerra Gold Inc” ишканасы иштеткен кенди Кыргызстан өз көзөмөлүнө алган. 2022-жылдын апрель айында “Кумтөр Голд Компани” жабык акционердик коомунун 100% акциясы Кыргызстанга өткөн.

Кыргызстан менен “Centerra Gold Inc” ишканасы менен талаш-тартыштарды чечип, макулдашууга жетишти. Ошентип Кыргыз Республикасы расмий түрдө “Кумтөр” алтын кенинин жалгыз ээси болуп калды. Бул окуя бир гана “Кумтөр” кенинин гана эмес, бүтүндөй өлкөнүн тарыхында эң маанилүү күн катары сакталат.

**“Алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүүнүн социалдык-экологиялык аспектилери”** деген төртүнчү бапта Кыргызстандын аймактарынын жана жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө алтын өндүрүү ишканаларынын кошкон салымы комплекстүү талданат, ошондой эле алтын өндүрүү өнөр жайынын республикадагы экологиялык абалга тийгизген таасири каралат, ошондой эле “Кумтөр” жана “Жерүй” алтын өндүрүү ишканаларындагы жаратылышты коргоо боюнча иш-аракеттер иликтенет.

**“Алтын өндүрүү ишканаларынын Кыргызстандын аймактарынын жана жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон**

**салымы”** деген параграфта алтын өндүрүү тармагы өлкөнүн аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу салым кошору айгинеленет.

Акыркы жылдардагы алтын өндүрүүнүн динамикасын талдоо көрсөткөндөй, Кыргызстан 2019-2021-жылдары 75,5 тонна алтын өндүргөн, анын ичинде Доре эритмесинде 59 тонна жана концентрат түрүндө 16,5 тонна алтын казылып алынган. Учурда “Кыргызалтын” ААКы долбоорлордогу өнөктөштөрү менен бирге Кыргызстандын алтынынын 81%дан ашыгын өндүрүп жатат. Алтын өндүрүү республиканын ИДПсынын 10%ке жакынын, өнөр жай өндүрүшүнүн 35%ын жана экспорттун 60%ын түзөт. Кыргыз Республикасы алтын өндүрүү боюнча КМШ өлкөлөрүнүн ичинен үчүнчү орунда турат.

Каралып жаткан маселенин алкагында “Кумтөр” алтын кен ишканасынын өлкө экономикасындагы ролу жана анын Кыргызстандын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы өзгөчө көңүл чордонунда экендиги айтылат. Кыргызстандын эгемендүүлүк тарыхында “Кумтөр” өлкөдөгү эң ири тоо-кен ишканасы, инвестор жана салык төлөөчү болуп келген. Жалпысынан “Кумтөр” 1994-2020-жылдар аралыгында Кыргызстанга 4,48 миллиард доллар төлөгөн. “Кумтөр Голд Компани” ишканасынын социалдык-экономикалык саясатында Ысык-Көл облусун комплекстүү өнүктүрүү анын приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат. “Кумтөр Оперейтинг Компани” ишканасы “Биргелешкен иш-аракет жөнүндө макулдашуунун” алкагында жыл сайын Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна жылдык дүң кирешесинин 1%ын которуп турат. 1998-2018-жылдар аралыгында Ысык-Көл облусунун жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык шартын өнүктүрүү боюнча программаларды каржылоо үчүн Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна “Кумтөр Голд Компани” ЖАКтын эсебинен 3 856 098,8 миң сом суммасында каражат түшкөн.

Аймактарды өнүктүрүү фонддору “Кыргызалтын” ААКтын бөлүмдөрүндө гана түзүлбөстөн, “Кыргызалтын” ААК тоо-кен казып алуу ишканаларынын аймагында биргелешип түзүлүүдө. Мындай акчалай каржынын көлөмү биргелешкен долбоорлордун финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот. Маселен, “Жерүй” долбоорунда алгач кен ишке киргенден кийинки мезгилде Талас облусун өнүктүрүү фондуна жылына 3 миллион АКШ долларын чегерүү пландалган.

Ошентип алтын өндүрүүчү ишканалар ыктыярдуу демилгелердин алкагында корпоративдик социалдык жоопкерчилик программаларын ишке ашыруу аркылуу социалдык инфраструктураны куруу жана жергиликтүү тургундарга жумуш берүү менен жергиликтүү коомчулукка пайдасы тиет.

**“Алтын кендериндеги жаратылышты коргоо боюнча ишмердүүлүк”** деген экинчи параграфта акыркы он жылда Кыргызстандын экологиясына алтын өндүрүү тармагынын тийгизген таасири орчундуу коомдук-саясий жана илимий талкуулардын предмети болуп калганы көрсөтүлөт. Алтын өндүрүү процессиндеги экологиялык кесепеттерди

комплекстүү жоюунун зарылдыгы 1990-жылдардын экинчи жарымында гана ишке аша баштаган.

Алтын өндүрүүчү ишканалар биринчи жолу 1998-жылы 20-майда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылынан 7 чакырым алыстыкта болгон Кумтөрдөгү экологиялык аварияда айлана-чөйрөнү радиоактивдүү булгоо көйгөйүнө туш болушкан. Барскоондогу авариянын кесепеттерин жоюунун алгачкы күндөрүндө жана жумаларында эле алтын өндүрүүчү ишканалардын күчтүү жана алсыз жактары ачык көрүндү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 22-майындагы №289 токтому менен түзүлгөн Жети-Өгүз районундагы авариянын себептерин иликтөө боюнча атайын өкмөттүк комиссия “Кумтөр Оперейтинг Компани” (КОК) өндүрүш коопсуздугун сактоонун чаралардын бардыгын аткарбагандыгын аныктаган.

Кийинчерээк Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы авариянын кесепетинен келтирилген зыяндын ордун толтуруу маселесин чечүү боюнча КР Өкмөтү менен “Кумтөр Оперейтинг Компани” (КОК) ишканасынын ортосунда макулдашуу түзүлгөн.

Келтирилген зыяндын жалпы суммасы 91 279 467 сом экендиги аныкталып, 4 563 973 АКШ долларга барабар болгон. “Кумтөр Голд Компани” (КГК) компаниясы аталган макулдашууга ылайык жогорудагы сумманы кыргыз тарапка которуп берген. Ошону менен бирге өкмөт “Кумтөр Оперейтинг Компани” ишканасын Барскоондогу аварияга байланыштуу кийинки жоопкерчиликтен бошоткон. Кыргызстанда 2005-жылдагы, 2010-жылдагы жана 2020-жылдардагы революциялык окуялардан кийин Барскоон авариясынан жабыркагандардын мамлекеттен туура компенсация алуу аракеттери кайрадан жанданды.

Иликтөөгө алынган 1991-2020-жылдарда “Кумтөр” алтын кенинде айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралардын системасын талдоо жаратылышты коргоо иштерин башкарууга жоопкерчиликтүү мамиле кылуу “Кумтөр Голд Компанинин” ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыты болуп эсептелери көрсөтүп турат.

Ишкананын жылдык отчетторунда келтирилген фактылык материалдарга таянып “Кумтөр Голд Компани” айлана-чөйрөнү коргоо жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо милдетине олуттуу маани берери белгиленген. “Кумтөр Голд Компани” 2017-жылдан 2019-жылга чейинки айлана-чөйрөнү коргоо боюнча жалпысынан 20,16 миллион доллар короткон. Диссертацияда “Кумтөр” алтын кенинде экологиялык мыйзамдарга ылайык айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иштер толук аткарылбай калганы баса көрсөтүлөт. Жаратылышты коргоо боюнча бир катар иш-чаралар ишке ашырылганына карабастан, өзөн-сууларды сактоо боюнча долбоорлор өз убагында берилген эмес, экологиялык объектилер жай курулган, чыпкалардын жоктугунан суу ресурстары булганган,

мөңгүлөрдүн этектерине ташталган калдыктар мөңгүлөрду эритип, талкалаган.

Диссертацияда “Альянс Алтын” ишканасынын “Жерүй” кенин иштетүүдөгү экологиялык жана техникалык коопсуздукту сактоо иш-аракеттери да изилденген. “Жерүй” кенине “Альянс Алтын” ишканасынын келиши жергиликтүү калктын экологиялык зыян тууралуу кабатырлануусун азайтып, карым-катнаш акыркы жылдары жакшы жагына өзгөрө баштады. Учурда “Жерүй” алтын кенин иштетүү Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо мыйзамдарынын бардык талаптарын жана эл аралык стандарттарды бекем сактоо менен жүргүзүлүүдө.

**Диссертациянын корутундусунда төмөнкүдөй жалпы тыянактар чыгарылат:**

1) Алтын кендерин ачуу жана иштетүү тарыхы боюнча ретроспективдүү талдоо көрсөткөндөй Кыргызстанда өнөр жайындагы алтын өндүрүү тармагы совет доорунда башталып, эгемендүүлүк мезгилинде кайра жанданган. Бирок “Кумтөр” жана “Жерүй” алтын кендерин иштетүүдөгү кээ бир алгылыктуу тенденцияларга карабастан, алтын өндүрүү тармагындагы жалпы кырдаал оор бойдон калууда. Алтын өндүрүү тармагындагы негизги көйгөйлөргө кесипкөй инженердик-техникалык кызматкерлердин жана квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги, инвестициянын тартыштыгы, алтын корунун түгөнүшү, техникалык жабдуулардын эскириши, жергиликтүү калктын алтын кендерин иштетүүгө каршылыгы кирет.

2) Изилдөөнүн жыйынтыгында Кыргызстандын эгемендүүлүк доорунда алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясаты оор жана кыйын шарттар менен түптөлгөндүгү аныкталган. Эгемендүүлүк жылдарында ченемдик-укуктук базаны, институционалдык механизмди түзүү жана өлкөнүн экономикасынын бул стратегиялык тармагын өнүктүрүү боюнча олуттуу иштер аткарылды. Алтын өндүрүү тармагындагы мамлекеттик саясат этаптар менен иштелип чыгып, ишке ашырылган, ал постсоветтик экономикалык трансформациядан өтүп жаткан Кыргызстандагы саясий жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү чагылдырган.

3) “Кумтөр” алтын кенин иштетүү Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайынын тарыхындагы эң ири инвестициялардын бири болуп калды. “Кумтөр” алтын кени Кыргызстандын экономикасында маанилүү роль ойногонуна карабастан, улуттук кызыкчылыктын эске алынбаганы жана экологиялык көйгөйлөрдүн чечилбегени көп учурда тараптардын ортосунда түшүнбөстүктөргө алып келген. Учурда Кыргызстандын жогорку бийлиги “Кумтөр” алтын кенинин ишмердүүлүгүнө байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүгө аракет кылууда. Кыргыз Республикасы үчүн алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүү, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, алтын кендерин иштетүү эрежелерин жана коопсуздук талаптарды сактоо

боюнча курч көйгөй турат, аны чечүү үчүн Кыргыз Республикасындагы бардык мыйзамдарды так сактоо зарыл.

4) Изилдөө көрсөткөндөй алтын өндүрүүчү ишканалар алтын кендерине жакын жашаган жергиликтүү элдин социалдык шарттарын жакшыртуучу үлкөн инвестициялык программаларды ишке ашыруу менен Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошууда. Ошол эле учурда чындыгында социалдык пакет боюнча милдеттенмелер көптөгөн тоо-кен ишканаларынын лицензиялык келишимдеринде жокко эсе.

5) Акыркы жылдары алтын өндүрүүчү ишканалардын ишмердүүлүгүн мамлекеттик жөнгө салуу жана мыйзам чыгаруу жаатында жаратылышты коргоо маселелери боюнча алгылыктуу тенденция байкалууда. Бирок, учурдагы практика көрсөткөндөй алтын өндүрүү тармагындагы экологияны коргоонун учурдагы айып төлөө системасы натыйжалуу эмес жана иш жүзүндө айлана-чөйрөнү коргоону билдирбейт.Геологиялык жана тоо-кен иштери аяктагандан кийин рекультивациялоо, калдыктарды зыянсыз түрдө жок кылуу жана кайра иштетүү маселелери өзгөчө маанилүү.

**Практикалык сунуштар:**

1) Алтынды өндүрүү Кыргыз Республикасынын өнөр жай комплексинин жана экономикасынын негизги компоненти бойдон калууда. Алтын өндүрүү тармагы Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнүн экономикалык өзөгү экендиги талашсыз чындык. Жакынкы келечекте Тоо-кен кодексин кабыл алуу, алтын кендерин иштетүү боюнча ири долбоорлорду ишке ашыруу, ошондой эле алтын өндүрүүдөн түшкөн кирешени сарамжалдуу, ачык-айкын пайдаланууну камсыздаган санариптик технологияны киргизүү бул тармакты өнүктүрүүдөгү маанилүү кадам болууга тийиш.

2) Жаңы саясий кырдаалда алтын өндүрүү тармагын өнүктүрүү жаатындагы өлкөнүн мамлекеттик саясатынын негизги приоритети катары бул тармактын мамлекеттик башкаруу системасын андан ары модернизациялоо зарылчылыгы саналат. Эң эле маанилүү милдеттерге тоо-кен мыйзамдарын жакшыртуу, бул тармакты мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө жагымдуу шарттарды түзүү, алтын өндүрүүнү башкаруучу мамлекеттик органдардын функцияларын так аныктоо жана бөлүштүрүү, учурдагы ошондой эле келечектеги потенциалдуу инвесторлор үчүн инвестициялык климатты жакшыртуу кирет.

3) Кыргыз Республикасынын тоо-кен тармагын өнүктүрүүдө жарандык коом менен мамлекеттин өз ара карым-катнашынын келечеги мамлекеттик бийлик менен жарандык коомчулуктун ортосундагы байланышты жакшыртуудан көз каранды; бул тоо-кен тармагындагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча макулдашылган чечимдерди кабыл алуу жана алтын казып алуу тармагында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатын көздөйт.

4) Мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын ишиндеги приоритеттүү багыт катары тоо-кен тармагынын көйгөйлөрү жөнүндө калктын маалыматын жогорулатууга көмөк көрсөтүү, кен өндүрүүдө ачык-айкындуулук демилгесин жайылтуу, жергиликтүү калк менен кен өндүрүүчү ишканаларынын ортосундагы чыр-чатактарды алдын алуу саналат.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Алтымышбаева, Л.К. История изучения геологического строения Кыргызстана [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Известия КГТУ им. И. Раззакова. – 2013. – № 28. – С. 129-131.
2. Алтымышбаева, Л.К. История формирования научных учреждений Кыргызстана и их роль в развитии горно-геологической науки [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Наука и новые технологии. – 2014. – № 2. – С. 180-183.
3. Алтымышбаева, Л.К. Подготовка инженерно-технических кадров для горнодобывающей промышленности Кыргызстана: история и современность [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Известия ВУЗов (Кыргызстан). – 2014. – № 3. – С. 153-156.
4. Алтымышбаева, Л.К. Экологические проблемы в горнодобывающей промышленности Кыргызской Республики [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Известия ВУЗов (Кыргызстан). – 2014. – № 3. – С. 157-159.
5. Алтымышбаева, Л.К. Развитие горнорудного дела и металлургии на территории Кыргызстана в эпоху Караханидской династии [Текст] / Л.К. Алтымышбаева, Б.А. Балпыкбаева // Инженер: научное и периодическое издание Инженерной академии Кыргызской Республики. – 2015. – № 9. – С. 443-446.
6. Алтымышбаева, Л.К. Формирование государственной политики Кыргызской Республики в сфере горнодобывающей промышленности: исторический аспект [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Современные гуманитарные исследования. – 2017. – № 4 (77). – С. 10-14.
7. Алтымышбаева, Л.К. Роль общественных организаций в развитии горнодобывающей отрасли Кыргызской Республики [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Актуальные проблемы современной науки. – 2017. – № 5 (96). – С. 204-208.
8. Алтымышбаева, Л.К. Взаимодействие государства и гражданского общества в сфере реформирования горнодобывающей отрасли Кыргызской Республики: опыт и перспективы [Текст] / Л.К.

Алтымышбаева // Известия КГТУ им. И. Раззакова. – 2018. – № 3 (47). – С. 46-52.

9. Алтымышбаева, Л.К. Деятельность общественных организаций в сфере реформирования горнодобывающей промышленности Кыргызской Республики [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Тенденции развития науки и образования. – 2019. – № 55-6. – С. 54-57.
10. Алтымышбаева, Л.К. Охрана труда и безопасность работников горнодобывающей промышленности в Кыргызстане: история вопроса и проблемы [Текст] / Л.К. Алтымышбаева, А.К. Исаев // Alatoo Academic Studies. – 2019. – № 3. – С. 254-266.
11. Алтымышбаева, Л.К. Некоторые аспекты реализации социальной политики горнодобывающих предприятий в регионах Кыргызстана [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Международный журнал экспериментального образования. – 2020. – № 4. – С. 68-72.
12. Алтымышбаева, Л.К. История развития золоторудного месторождения «Кумтор»: проблемы и противоречия [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Бюллетень науки и практики. – 2022. – Т. 8. – № 6. – С. 116-125.
13. Алтымышбаева, Л.К. Некоторые вопросы природоохранной деятельности на золоторудном месторождении «Джеруй» [Текст] / Л.К. Алтымышбаева, А.К. Исаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – № 5. – С. 37-39.
14. Алтымышбаева, Л.К. Государственная политика Кыргызской Республики в золотодобывающей отрасли: проблемы и перспективы развития [Текст] / Л.К. Алтымышбаева // Сборник мат. науч.-практ. конференции, посвящённой 80-летию Н. Исанова, видного гос. и полит. деятеля Кыргызстана, на тему: «Роль Н. Исанова на пути независимого Кыргызстана: опыт и вызовы» (ОшГУ-31.08.23) – Ош. – 2023. – С. 233-244.

**Алтымышбаева Лена Касымалиевнанын 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Эгемендүү Кыргызстандагы алтын өндүрүү өнөр жайынын өнүгүү тарыхы (1991-2020-жылдар)» деген темада жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы, алтын өндүрүү өнөр жайы, алтын кендери, экологиялык абал, жаратылышты коргоо ишмердүүлүгү, мамлекеттик саясат, Кумтор, иштетүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Эгемендүү Кыргызстандын алтын өндүрүү өнөр жайынын тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандагы алтын өндүрүүчү ишканалардын калыптануу жана өнүгүү процессин, алтын өндүрүү өнөр жайын өнүктүрүүнүн саясий, социалдык жана экологиялык аспектилерин изилдөө.

**Иштин максаты:** Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алтын өндүрүү өнөр жайынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө.

**Изилдөөнүн методологиясы:** диссертациянын методологиялык негизин жалпы илимий жана атайын тарыхый изилдөө ыкмаларынын комплекси түзөт. Диссертациялык иштин негизги методологиялык принциби Кыргызстандын азыркы саясий жана социалдык-экономикалык процесстеринин контекстинде алтын өндүрүү тармагын объективдүүлүк жана проблемалык-логикалык талдоо менен айкалышкан тарыхыйлуулук (историзм) болуп саналат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** диссертациялык иш Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги алтын өндүрүү өнөр жайынын калыптануу жана өнүгүү процессин комплекстүү изилдөөгө багытталган ата мекендик тарыхнаамадагы алгачкы аракеттердин бири болуп саналат. Аталган тема боюнча иштөө процессинде Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын калыптанышынын

жана өнүгүшүнүн тарыхый тажрыйбасын толук жана ар тараптуу изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү тарыхнаамалык жана булак таануучулук сереп түзүлдү. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы ошондой эле автордун алтын кендерин иштетүүнүн саясий, социалдык жана экологиялык өңүттөрүн тарыхый ракурстан кароого аракет кылгандыгы менен дагы шартталган.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси:** диссертациялык изилдөөдөнүн негизги корутундулары жана жоболору алтын өндүрүү тармагындагы көйгөйлөрдү андан ары изилдөөдө, ошондой эле Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайынын тарыхы боюнча жалпы эмгектерди жазууда колдонулушу мүмкүн.**Колдонулуу чөйрөсү:** диссертациянын материалдары жогорку окуу жайларында «Ата Мекен тарыхы» курсун окутуу процессинде, бул маселе боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда жана окутууда колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ


**диссертации Алтымышбаевой Лены Касымалиевны на тему: «История развития золотодобывающей промышленности в суверенном Кыргызстане (1991-2020 гг.)», представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности: 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, золотодобывающая промышленность, золоторудные месторождения, экологическая ситуация, природоохранная деятельность, государственная политика, Кумтор, разработка.

**Объект исследования:** история золотодобывающей промышленности суверенного Кыргызстана.

**Предмет исследования:** изучение процесса становления и развития золотодобывающих предприятий, политических, социальных и экологических аспектов развития золотодобывающей промышленности в Кыргызстане.

**Цель диссертационной работы:** комплексное изучение истории становления и развития золотодобывающей промышленности с учетом общих закономерностей и специфических особенностей политического и социально-экономического развития Кыргызстана в период независимости.

**Методология исследования:** методологической основой диссертации является комплекс общенаучных и специальных исторических методов исследования. Главным методологическим принципом диссертационного исследования являлся историзм в сочетании с объективностью и проблемно-логическим анализом золотодобывающей промышленности в контексте современных политических и социально-экономических процессов в Кыргызстане.

**Научная новизна исследования:** диссертационная работа является одной из первых в отечественной историографии попыток комплексного изучения процесса формирования и развития золотодобывающей промышленности Кыргызстана в период независимости. В процессе работы над темой сформирован историографический и источниковедческий обзор, позволяющий полно и

всесторонне исследовать исторический опыт становления и развития золотодобывающей промышленности Кыргызстана в рассматриваемый период. Научная новизна также обусловлена тем, что автор попытался в историческом ракурсе рассмотреть политические, социальные и экологические аспекты развития золоторудных месторождений.

**Научно-практическое значение диссертации:** основные выводы и положения, сформулированные в диссертационном исследовании, могут быть использованы в дальнейшей разработке проблем золотодобывающей отрасли, а также при написании обобщающих работ по истории горнодобывающей промышленности Кыргызстана.

**Область применения:** материалы диссертации могут найти применение в учебном процессе при преподавании вузовского курса «Отечественная история», при разработке и чтении специальных курсов по данной проблематике.


## SUMMARY

### of dissertation "History of the Gold Mining Industry Growth in independent Kyrgyzstan (1991-2020)" by Altymyshbaeva Lena Kasymalievna for the degree of Candidate of Historical Sciences in : 07.00.02 – History of Homeland (History of Kyrgyzstan)

**Key words:** Kyrgyz Republic, gold mining industry, gold deposits, environmental situation, environmental activities, public policy, Kumtor, implementation.

**Object of study** is history of the gold mining industry in independent Kyrgyzstan.

**Subject of research** involves research of formation and growth of gold mining enterprises; political, social and environmental aspects of the gold mining industry development in Kyrgyzstan.

**Aim of research** comprises a comprehensive historical study of the formation and growth of the gold mining industry, taking into account the general patterns and specific features of the political and socio-economic development of Kyrgyzstan since independence.

**Research methodology:** the dissertation applies general scientific and special historical research methods. The main methodological principle of the dissertation is historicism combined with objectivity and problem-logical analysis on the gold mining industry in the context of current political and socio-economic processes in Kyrgyzstan.

**Research novelty:** the dissertation is one of the first comprehensive research in Kyrgyz historiography to study the process of formation and growth of the gold mining industry in Kyrgyzstan since independence. It does a historiographic analysis and literature review that includes complete study of the historical experience of the gold mining industry formation and growth in Kyrgyzstan in 1991-2020. The author also conducted an in-depth study in the

political, social and environmental aspects of development of the gold deposits from a historical perspective.

**Theoretical and applied significance of research**: the main conclusions and hypotheses can be used in the further solution of the gold mining industry issues, as well as in research on the history of the mining industry in Kyrgyzstan.

**Scope of research application:** the research data can be applied in teaching a university course “History of Homeland” (“History of Kyrgyzstan”), as well as in designing and teaching elective courses on the gold mining industry.